
# СТАТИСТИКА КАРТАЛАРДА
# 2020


Кыргыз Республикасынын Улуттук
статистика комитети

# Кыргыз Республикасынын административдик – аймактык түзүлүшү






**Борбору – Бишкек шаары, анын калкынын саны 2021-жылдын башында бир миллиондон ашты (1 074.1 миң киши).**



**Ош – чоңдугу боюнча Кыргызстандагы экинчи шаар, анын калкынын саны 2021-жылдын башында 322,2 миң адамды түздү.**


**Кыргызстан бийик тоолуу өлкө, анын дээрлик 90% аянты деңиз деңгээлинен 1 500 м бийиктикте жайгашкан.**

**Чоң шаарлар: Бишкек (1 074,1 миң адам), Ош (322,2 миң адам), Жалал-Абад (123,2 миң адам), Каракол (84,4 миң адам), Токмок (71,4 миң киши).**
**Аянты боюнча эң чоң облус - бул Нарын облусу (45, 2 миң чарчы км).**

**Азыркы учурда республиканын административдик-аймактык түзүлүш системасына 7 облус жана республикалык маанидеги 2 шаар, 40 административдик район, 31 шаар, 9 шаар тибиндеги шаарчалар, 3 шаарча, 453 айыл аймактары кирет.**

# 2020-жылда туруктуу калктын саны

**6 млн 637 миң адам**







2021-жылдын башында республикада калктын жалпы санында эң чоң үлүштү Ош (21 пайыз) жана Жалал-Абад (19 пайыз) облустары, ошондой эле Бишкек шаарынын (16 пайыз) жана Чүй облусунун (15 пайыз) тургундары түзөт. Эң кичине үлүшү Нарын менен Талас облусунун тургундарына (4 пайыздан) туура келет.

3 миллион 294 миң адам


3 миллион 343 миң адам

49,6 % | 50,4 %

Республикада калктын жалпы санында аялдар басымдуулук кылат. 2021-жылдын башында 3 миллион 294 миңин эркектер, 3 миллион 343 миңин аялдар түзгөн. Ушул эле учурда, ал жерде төрөлүүлөр жогору болгон аймактарда (Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарында) калктын эркектеринин саны аялдардын санынан ашык болгон.

*Туруктуу калк – каттоо мезгилинде ошол аймакта туруктуу жашаган калк, анын ичине убактылуу жок болгондор да кирет.

# 2020–жылда калктын табигый өсүшү





**Дүйнөлүк ченемдер боюнча Кыргызстанда калктын табигый өсүшү дээрлик жогору бойдон калууда. Коронавирус инфекциясы (COVID-19) пандемиясына жана 2020-жылдын 31-мартынан 21-майына чейин Кыргыз Республикасынын айрым аймактарында өзгөчө кырдаалдын киргизилгенине байланыштуу калкты тейлөө борборлорунун, МКК каттоо кызматына караштуу ГААЖ иши токтотулган. Натыйжада төрөлүү, өлүм, никеге туруу жана ажырашуу боюнча каттоо жүргүзүлгөн эмес, бул 2020-жылы өтө маанилүү көрсөткүчтөрдүн төмөндөшүнө алып келген. Ошентип, 2020-жылы табигый өсүү темпи калктын 1 000ине алганда 17,9 кишини, 2019-жылы калктын 1 000ине алганда 21,7 адамды түздү.**





Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы ГААЖнын маалыматтары боюнча.

# 2020-жылда калктын тышкы миграциясы





## 2020-жылы жынысы жана аймагы боюнча келгендердин саны (адам)




**2020-жылы республикага 961 адам келген, анын 443 - эркектер, 518 - аялдар. Чыгып кеткендердин жогорку деңгээли Чүй жана Баткен облустарында белгиленди.**

# Жалпы билим берүүчү уюмдардын саны
## (2020/2021-окуу жылынын башына карата)











**Кыргызстандын ар бир бешинчи жараны – мектеп окуучусу**



**2020/2021-окуу жылынын башына карата жалпы билим берүүчү уюмдарда 1 млн. 357 миң бала окуган.**







**669 720 кыз**

**687 688 бала**

# 2020-жылы өмүрүндө биринчи жолу COVID-19 диагнозу коюлган коронавирус инфекциясы оорусуна чалдыккандардын саны





## 2020-жылы пневмониядан жана коронавирус инфекциясынан (COVID-19) өлгөндөрдүн саны





(калктын 100 миңине)

**2020-жылы коронавирус инфекциясынан (COVID-19) 2448 адам каза болгон, же калктын 100 миңине 37 өлүм туура келген. Пневмониядан каза болгондордун орточо республикалык көрсөткүчүнөн көбүрөөгү Чүй жана Нарын облустарында, ал эми коронавирус инфекциясынан (COVID-19) болгон өлүм - Бишкек жана Ош шаарларында, ошондой эле Талас облусунда көбүрөөк белгиленди.**

# 2020-жылы аймактар боюнча турмуш тиричилик таштандыларын (катуу калдыктарды) чыгаруу




**Аймактар боюнча таштандыларды жок кылуу ыкмалары (пайыз менен)**






Адамдын жашоо-тиричилигиндеги иш-аракеттерин коштоп жүрүүчү продуктулардын бири - таштанды. Таштандыдан арылуу коммуналдык чарбалардын кызмат көрсөтүүсүнөн түздөн-түз көз каранды 2020-жылы аймактар боюнча үй чарбалары таштандыларды урналарга жыйноо, чуңкурларга көмүү, үймөктөө, өрттөө жана таштанды төгүүчү жайларга төгүү аркылуу таштандылардан арылышкан.

- Таштанды топтоочу унаа, контейнер
- Үймөктөө
- Өрттөө
- Көмүү

Шаар жергесинде үй чарбаларынын таштандылардан арылуусунун эң чоң үлүшү (83,3 пайыз) контейнерлерди колдонуу жана үймөктөө (14,3 пайыз) менен ишке ашырылган. Айыл жергесинде үй чарбаларынын 39,3 пайызы таштандыны өрттөсө, 22,6 пайызын таштанды үймөктөрүнө ыргытышкан.

# 2020-жылда калктын кедейчилик деңгээли








(калктын жалпы санына карата пайыз менен)

**2020-жылы кедейчиликтин чегинде 1 млн. 678 миң адам жашаган, алардын 73,7 пайызы калк отурукташкан айыл пункттарынын тургундары болуп саналган.**


**Керектөөчү чыгымдар боюнча эсептелгенде, 2020-жылда кедейчиликтин деңгээли жалпы өлкө боюнча 25,3 пайызды түзгөн. Кедейлердин эң жогорку үлүшү (37,2%) Жалал-Абад облусунда, ал эми эң төмөн үлүшү Талас облусунда (12,5%) байкалган.**


**Айыл жерлеринде кедейчиликтин деңгээли 6,1 пайыздык пунктка, ал эми шаар жерлеринде – 3,6 пайыздык пунктка өскөн.**




(калктын жалпы санына карата пайыз менен)

# 2020-жылда калктын өтө кедейчилик чегинин деңгээли





(калктын жалпы санына карата пайыз менен)


**2020-жылы өтө кедейликтин чегинен төмөн 59,2 миң адам, алардын 87,2 пайызы калк отурукташкан айыл пункттарынын тургундары болуп саналган.**

**2020-жылы өтө кедейчилик деңгээли 0,9 пайызды түздү. Өтө кедейчилик чегинин көрүнүшү Ош жана Талас облусунда, ошондой эле Ош шаарында байкалган жок. Өтө кедейчилик чегинин деңгээли Ысык-Көл облусунда (0,9 пайыздык пунктка) төмөндөдү. Өтө кедейчилик чегинин деңгээлинин өсүшү Нарын облусунда (2,0 пайыздык пунктка), Баткен облусунда (1,3 пайыздык пунктка), Чүй облусунда (1,1 пайыздык пунктка) жана Жалал-Абад облусунда (0,9 пайыздык пунктка), ошондой эле Бишкек шаарында (0,3 пайыздык пунктка) байкалган.**




(калктын жалпы санына карата пайыз менен)

# 2020-жылда Аймактар боюнча эмгек акы









**2020-жылы Кыргызстанда бир кызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысы 18 940 сомду түздү.**

**Орточо айлык номиналдык эмгек акы - бул эмгек акынын, анын ичинде кызматкерлердин киреше салыгы жана милдетүү камсыздандыруу төгүмүн камтуу менен эсептелген фонддун орточо эмгек акыны эсептөө үчүн кабыл алынган кызматкерлердин, ошондой эле мезгилдеги айлардын санына болгон катышы.**


# 2020-жылдын калктын негизги социалдык-демографиялык топтору үчүн жашоо минимуму








**«Калктын негизги социалдык-демографиялык топтору үчүн жашоо минимумунун түзүмүн бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 6-ноябрындагы №694 токтомуна ылайык, азык-түлүк товарлардын үлүшү 65 пайызды, азык-түлүк эмес товарлардын - 16 пайызын, кызмат көрсөтүүлөрдүн - 17 пайызын жана салыктардын - 2 пайызын түзөт. Азык-түлүк себетинин энергетикалык баалуулугу 2 101 ккал түзөт, анын химиялык курамы 73 гр. белков и 71 г. майлары.**

# 2020-жылы калкка берилген микрокредиттер




## Калкка ар кайсы максаттар боюнча чакан кредит берүү (микрокредиттердин жалпы көлөмүнө карата пайыз менен)





**2020-жылы микрокредиттик уюмдар тарабынан 31,1 млрд. сом суммасында кредиттер берилген, бул 2019-жылга караганда 3,2% га көп. Алуучулардын саны 707 миңге жакын адамды түздү (же 2019-жылга караганда 13,2% га көп).**


**2020-жылы микрокредит алуучулардын басымдуу бөлүгү Ош жана Жалал-Абад облустарына туура келет.**


**Кредиттин ири өлчөмү бир алуучуга 2020-жылы Бишкек (62,4 миң сом), Чүй облусу (55,6 миң сом), Ош шаары (48,2 миң сом) боюнча карыз алуучуларга туура келген. Орто эсеп менен республикада бул көрсөткүч 44,1 миң сомду түздү.**

## Микрокредиттерди алуучулардын саны (адам)





# 2020-жылы аймактар боюнча тамак-аш азыктарына орточо керектөө баалары





**Уйдун эти**
372,6 сом


**Өсүмдүк майы**
107,2 сом


**Биринчи сорттогу буудай уну**
38,1 сом


**Картошка**
26,7 сом

**2020-жылдын январь-декабрында (өткөн жылдын декабрына салыштырмалуу) тамак-аш продуктуларына жана алкоголсуз суусундуктарга баалар жалпы республика боюнча 17,6 пайызга жогорулаган. Мында, сарымсак - 1,7 эсеге, тамак-аш өсүмдүк майы - 49,0 пайызга, картошка - 48,4 пайызга, кумшекер - 31,2 пайызга, эт - 26,3 пайызга, тоок жумурткасы - 23,6 пайызга, мөмө жемиштер - 17,6 пайызга, унга - 16,1 пайызга баалардын өтө жогорулашы белгиленген.**

## 2019-2020-жж. декабрында айрым социалдык жактан маанилүү тамак-аш азыктарына орточо керектөө баалары

